**Нарын районундагы Казаалы Абиров атындагы орто мектебинде**

**өткөн жалпы ата-энелер чогулушунун**

**№ 4 ПРОТОКОЛУ**

24-май 2019-жыл

Чогулушка катышкандардын саны - 64

Чогулуштун жетекчилери:

К. Абиров атындагы орто мектебинин директору: С. Осмонов

Директордун орун басары : В. Өмүрова

Милиция кызматкери: У.Бошкоев

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

**1.Жыл жыйынтыгы, 25-май «Акыркы коңгуроо» аземин өткөрүү**

**2.Окуучулардын жайкы каникул учурундагы коопсуздугу**

**Чогулуштун жүрүшү:**

1-маселе боюнча К. Абиров орто мектебинин директору С. Осмонов сөз сүйлөп, азыркы учурда коомдо болуп жаткан жагымсыз көрүнүштөр, 4-чейректин жыйынтыгы жыл жыйынтыгы тууралуу маалымат берди. « 4-чейректине жыйынтыгы боюнча айтсам билим сапаты 47 % , катыш 98%, азыр балдардын билимге болгон кызыгуусу күч, балдарга биргеликте жардам берели. Буга улай уюштуруучу сөз алып сүйлөп төмөнкүлөргө токтолду -Быйылкы окуу жылында биздин мектепте ийгиликтер арбын болду. Айта кетсек , Апышова Нургыз «Аракет» 1-республикалык олимпиадада кыргыз тили сабагынан республикалык турунда 2-орун камсыз кылды. 4-класстын окуучулар математика сабагынан олимпиададан жеңүүчү болуп 27-майда 2-турга катышканы турушат. Азыркы учурда коомдо адам оюна келбей турган кылмыштар болууда. Адам сатуу, жаш балдарды зордуктоо сыяктуу. Бул эмне себептен улам келип чыгат. Ошондуктан каникул учурунда мугалимдер тарабынан түзүлгөн комиссия тарабынан балдардын коопсуздугун сактоо максатында кечки рейддер жүрөт. Жайкы каникул учурунда балдарыңыздардын коопсуздугу үчүн балдарды караңыздар, кечинде эшикке чыгарбаңыздар. Эгер балдар кечки 9 дан кийин кармалса, күч органдары тарабынан

штрафтар ата-энелерге салына тургандыгы эскертилди. Милиция өкүлү Бошкоев Улан сөз алып сүйлөп - Мунун баары эмне себептен кайдыгерликтен,сабатсыздыктан. Урматтуу ата-энелер, бардык нерсеге кызыктар болуңуздар эгерде суроолоруңуздар болсо бериңиздер, суроого жооп алуу, көйгөй болсо жеринде чечүү биздин биринчи максат болуп саналат. 25-майда «Акыркы коңгуроо» аземи болуп өтөт. Ата-энелер сиздер менен бирдикте тынч өткөрүп алалы. Балдардын коопсуздугун сактагыла. Коопсуздукту кароо үчүн биздин мектепке милиция кызматкерлери да бөлүндү, Эгерде айтылган убакыттан кийин балдарыңыздар көчөдө жүрсө учетко алынат, ата-энелерге штраф салынат. Кызыктырган суроолоруңуздар болсо бериңиздер, көйгөйдү бирге чечебиз » Мектептин курулушу да быйылкы жылдын эсебинин бюджетке киргендиги тууралуу маалымат берип өттү.

Ата-энелер кызыктырган суроолорго да тиешелүү жооптор алынды.

## Токтом кылынды:

1. Мектеп окуучуларына, айыл элине зордук-зомбулук иштерин алдын алуу, өмүрүнүн коопсуздугун камсыз кылуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.
2. Окуучулардын коопсуздугун сактоо максатында 25-майда мугалимдер тарабынан түзүлгөн комиссия кечки рейд жүргүзсүн. (кечки саат 9дан, 11ге чейин)
3. Кечки рейд учурунда балдар кечки саат 9дан кийин көзөмөлсүз көчөдө жүрсө, балдардын ата-энесине минималдуу айлык өлчөмүндө штраф салынары белгиленсин.
4. Балдардын жайкы каникулун уюштуруу, балдардын коопсуздугун камсыздоо (Жайлоодо, көлдө, жолдо) өмүрүн сактоо, зордук- зомбулуктун алдын алуу, бөтөн адамдарга кароосуз калтырбоосун жеке ата-энелерге милдеттендирилсин
5. Жайкы эс алууларын үнөмдүү, туура пайдаланууга , эс алуу учурунда окуучуларга кошумча көркөм адеп ахлактык тарбия багытындагы адабий чыгармаларды окуусуна шарт түзүп берүү жагы ата-энелерге милдеттендирилсин.
6. Окуучуларды ар кандай кылмыштуулукка үндөгөн, башка коомго жат көрүнүшү бар жагдайларга аралашуусуна бөгөт коюу.
7. Атайын айдоо укугу жок, жашы жете элек окуучуларга автоунааларды айдатууга тыюу салынат.
8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

Мектеп директору: Осмонов.С
Катчы: Жунусова,А